Педагогикалык кеңешме жөнүндө

ЖОБО

I. ЖАЛПЫ ЖОБО

Педагогикалык кеңешменин максаты жанамилдеттери

Педагогикалык кеңешменинмаксаты:

- Окутуу-тарбиялоо иштеринде сапаттуулуктуу камсыз кылуу жана эффективдүү ыкмаларды колдонуу үчүн педагогикалык коллективдин бардык күч-аракетин бириктирүү;

Педагогикалык кеңешменин милдеттери:

- Педагогикалык жетишкендиктериди, алдыңкы тажрыйбаларды, жаңы технологияларды практикада колдонуу, жайылтуу;
- Окутуу-тарбиялоо ишинин деңгээлин жакшыртуу;
- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик символдорун үйрөтүүнү камсыз кылуу;

II. Педагогикалык кеңештин ишинин мазмуну

Педагогикалык кеңеш мектептин дайыма иштөөчү органы болуу менен окутуу-тарбиялоо ишинин негизги маселелерин карайт.

Педагогикалык кеңешме төмөндөгүлөр боюнча чечим чыгарат:

- Педагогикалык кадрларды, сааттарды бөлүштүрүү, мугалимдин ишин баалоо жана аттестациялык мүнөздөмө берүү жөнүндө;
- Мектептин  Уставын, программасын кабыл алуу жөнүндө;
- Окуучулардын ар кандай ийримдердин, студияларын, коомдорун түзүү жөнүндө;
- Окуучуларды бүтүрүү жана көчүрүү экзамендерине жиберүү, экзамендерден бошотуу, ордунда калтыруу жөнүндө;
- Негизги билим берүү күбөлүгүн
- Мектептин  күндөлүк режими жөнүндө;

Педагогикалык кеңешмеде каралат:

- Окутуу, тарбиялоо процессинин абалы жана өнүгүшү, билим берүүнүн сапаты;
- Методикалык бирикме иштеринин отчету;
- Мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоо;
- Педагогикалык кадрларды кайра даярдоо жана кесиптик чеберчилигин жогорулатуу;

Аттестациялык комиссиянын отчету жана рекомендацияларынын аткарылышы, аттестация;

Педагогикалык кеңеш дисциплина советинин кайрылуусу боюнча окуучуларды мектептен чыгаруу жөнүндө маселени карайт.

Педагогикалык кеңеш бир жылда 2 жолу жетекчилигинин ишин угуп, ишмердүүлүгүнө баа берет.

3.Педагогикалык кеңештин курамы жана ишинин уюштурулушу

1.

1. .Педагогикалык кеңештин курамында директор, директордун орун басарлары, мугалимдер, тарбиячылар, китепканачы кирет.
2. Зарыл учурунда педагогикалык кеңештин курамында директор, директордун орун басарлары, мугалимдер, тарбиячылар, китепканачы кирет.
3. Педагогикалык кеңеш окуу жылы үчүн өз ичинен секретарь шайлапалат.
4. Педагогикалык кеңеш 1 окуу жылы үчүн түзүлгөн, заседаниеде бекитилген план боюнча иш алып барат.
5. Педагогикалык кеңешме 1 окуу жылында 4-5 кеңешме өткөрөт.
6. Педагогикалык кеңешмеде чечимдер ачык добуш берүү менен жүргүзүлөт.

Добуштар тең абалда болсо, директорду добушу чечүүчү мааниге ээ. Педагогикалык кецештин чечими бардык коллектив мүчөлөрү үчүн милдетгүү жана директордун буйругу менен ишке ашырылат.

1.

7. Директор кийинки педагогикалык кецешмеде мурдагы чечимдердин аткарылышы жөнүндө отчет берет.
8. Педагогикалык кецештин мүчөлөрү кецешмеде мурдагы чечимдердин аткарылышы жөнүндө жыйынтык отчет берет.
9. Директор педагогикалык кецештин чечими менен макул болбосо, ишти кароо үчүн генералдык дирекцияга кайрылат.

Педагогикалык кецешмеде токтом жазылат. Терага жана секретарь кол коёт.Токтом 5 жылга чейин сакталат.